# Kyrgyz - Аялдар - Wives Scriptures

Эфес 5:22-24 Аялдар, күйөөңөргө Теңирге баш ийгендей баш ийгиле, 23 анткени дененин Куткаруучусу Машайак Жыйындын башчысы болгон сыяктуу эле, күйөө да аялдын башчысы. 24 Жыйын Машайакка баш ийгендей эле, аялдар да бардык нерседе күйөөлөрүнө баш ийишсин.

Эфес 5:31,33 «Ошондуктан адам ата-энесин таштап, аялы менен биригет. Ошентип, экөө бир дене болот». 33 Силерге тиешелүүсү болсо бул: күйөөсү аялын өзүн сүйгөндөй сүйсүн, аял болсо күйөөсүн урматтасын.

1 Коринф 7:3 Күйөөсү аялына карата, аялы күйөөсүнө карата жубайлык милдетин аткарсын.

1 Коринф 7:34 Турмушка чыкпаган кыз денеси, руху ыйык болуп, Теңирге жагуу үчүн, Теңирдикин ойлойт. Ал эми турмушка чыккан кыз күйөөсүнө жагуу үчүн, бул дүйнөнүкүн ойлойт.

Колоса 3:18 Аялдар, Теңирге тиешелүү болгондорго ылайык келгендей, күйөөңөргө баш ийгиле.

1 Тимотей 2:11-15 Аял киши унчукпастан, толук баш ийүү менен үйрөнсүн. 12 Аял кишинин окутушуна, күйөөсүнө бийлик кылышына тыюу салам, ал унчукпасын. 13 Анткени адегенде Адам ата, андан кийин Обо эне жаратылган. 14 Адам ата азгырылган эмес, аял азгырылып, күнөөгө баткан. 15 Ошондой болсо да, эгерде ишенимди жана сүйүүнү, ыйыктыкты жана адеп-ахлактуулукту сактаса, бала төрөө аркылуу куткарылат.

Башталыштар 3:16 Аялга болсо мындай деди: «Кош бойлуу кезиңде кайгыңды көбөйткөндөн көбөйтөм. Балдарыңды ооруп төрөйсүң. Күйөөңө тартылып турасың, ал сага үстөмдүк кылат».

1 Петир3:1,2 Ошондой эле, силер, аялдар күйөөңөргө баш ийгиле. Кимиңердин күйөөңөр Кудайдын сөзүнө баш ийбесе, 2 ал силердин таза, Кудайдан корккон жашооңорду көрүп, силердин сөзүңөр аркылуу эмес, жүрүш-турушуңар аркылуу Кудайга баш ийгидей болсун.

Тит 2:1-5 Сен болсо туура окутууга ылайык келген нерсени айт. 2 Карыялар кыраакы, оор басырыктуу, адеп-ахлактуу болушсун, алардын ишеними, сүйүүсү жана чыдамдуулугу туура болсун. 3 Ошондой эле улгайган аялдар өздөрүн такыбаа алып жүрүшсүн, алар ушакчы жана шараптын кулу болушпасын, жакшылык кылууга үйрөтүшсүн, 4 Кудай сөзүнө тил тийбеши үчүн, алар жаш аялдарды күйөөсүн, балдарын сүйүүгө, 5 адеп-ахлактуу, таза, үйгө камкор, кең пейил болууга, күйөөсүнө баш ийүүгө үйрөтүшсүн.

Акылмандык 12:4 Жакшы аял – күйөөсүнүн таажысы, ал эми абийирсиз аял – сөөктөгү ириң.

Акылмандык 14:1 Акылдуу аял үйүн курат, ал эми акылы жок аял аны өз колу менен бузат.

Акылмандык 19:13 Акылсыз уул – өз атасына кайгы, ажаан аял – тынымсыз тамчылаган суу.

Акылмандык 21:9,19 Ажаан аял менен заңгыраган үйдө жашаганча, үйдүн чатырынын бир бурчунда жашаган артык. 19 Ажаан, ачуулуу аял менен жашаганча, ээн талаада жашаган жакшы.

Акылмандык 25:24 Ажаан аял менен заңгыраган үйдө жашаганча, үйдүн чатырынын бир бурчунда жашаган жакшы.

Акылмандык 27:15,16 Ажаан аял жамгыр жааган күнү тынымсыз тамчылаган тамчыдай, 16 аны жашыргысы келген адам шамалды жашыргысы келген адамдай жана өзү жөнүндө билдирип турган майды оң колуна жашыргысы келген адамдай.

Акылмандык 31:10-31 Ким жакшы аял таба алат? Анын баасы асыл берметтерден да жогору. 11 Ага күйөөсүнүн жүрөгү ишенет, күйөөсү кирешесиз калбайт. 12 Ал күйөөсүнө өмүрү өткөнчө жамандык менен эмес, жакшылык менен гана кайтарат. 13 Ал жүн, зыгыр буласын өндүрөт, өз колу менен чын жүрөктөн иштейт. 14 Ал аял соодагерлердин кемелерине окшоп, өзүнүн нанын алыстан табат. 15 Ал таң ата электе эле туруп, үйүндөгүлөргө тамак берип, күңдөрүнө белгиленген иштерди тапшырат. 16 Жер алгысы келсе, ага да ээ болот. Өз колунун жемиши менен жүзүмзар отургузат. 17 Белин бекем бууп, булчуңдарын чыңайт. 18 Ал өз ишинин жакшы экенин сезет, анын чырагы түн ичинде да өчпөйт. 19 Колун жип ийрүүчү чарыкка сунат, колуна ийик алат. 20 Жардыларга алаканын ачат, муктаж болгондорго колун сунат. 21 Суук болгондо үй-бүлөм үшүйт деп коркпойт, анткени анын бүт үй-бүлөсү эки сыйрадан кийим кийген. 22 Ал өзүнө килем согот, ак мата менен кызыл шайыдан кийим киет. 23 Анын күйөөсү – кадырлуу адам, дарбаза алдында уруу аксакалдары менен отурат. 24 Ал жабуу жасап сатат, финикиялык соодагерлерге кур жеткирет. 25 Күч менен сулуулук – анын кийими, ал келечекке кубанычтуу карайт. 26 Акылмандык менен сүйлөйт, момундук менен акыл-насаат айтат. 27 Ал өз үйүндөгү чарбасына көз салат, бекер тамак жебейт. 28 Балдары туруп, аны сыйлашат, күйөөсү туруп, аны мактайт: 29 «Жакшы аялдар көп болгон, бирок сен алардын баарынан ашып түштүң». 30 Сүйкүмдүүлүк алдап кетет, сулуулук өтүп кетет, бирок Теңирден корккон аял мактоого татыктуу. 31 Ага өз колунан чыккан жемишинен бергиле, иштери аны дарбаза алдында даңктасын!

Pastor T. John Franklin
Church of Salvation, Healing, and Deliverance
COS-HAD.org